КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28 чакырылышынын кезексиз 4 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 24-июль** **№ 23** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Ак-Булуң айыл аймактык кеңешинин 2024-жылдын 13-февралындагы 28-чакырылышынын кезексиз чакырылган 40-сессиясынын №47 "Ак-Булуң айыл аймагына караштуу Сырт өрөөнүндө жайгашкан "Моло" жана "Бекболот төр" участкасындагы жайыт жеринен, суунун нугунан алтын тоо кенин казып алууга ЖЧК "Кыргыз Ойл" компаниясына макулдук берүү жөнүндөгү" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгынын негизинде мурдагы айылдык кенештер (Ак-Булуң, Ак-Чий, Боз-Учук, Жыргалаң) биригип учурда Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши болуп түзүлгөн. Ак-Булуң айыл аймактык кеңешинин 2024-жылдын 13-февралындагы 28-чакырылышынын кезексиз чакырылган 40-сессиясынын №47 "Ак-Булуң айыл аймагына караштуу Сырт өрөөнүндө жайгашкан "Моло" жана "Бекболот төр" участкасындагы жайыт жеринен, суунун нугунан алтын тоо кенин казып алууга ЖЧК "Кыргыз Ойл" компаниясына макулдук берүү жөнүндөгү" токтомуна жер тилкесинин аянты өзгөргөндүгүнө жана көк китеп алууга мөөнөтү узартылгандыгына байланыштуу өзгөртүүлөрдү киргизип берүү жөнүндөгү 23.07.2024-жылдагы ЖЧК "Кыргыз Ойл" компаниясынын кайрылуусун карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жер казынасы" жөнүндө Мыйзамынын 9-беренесин негиздеп Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. "Кыргыз Ойл" компаниясына алтын тоо кендерин казууга берилген Сырт өрөөнүндөгү "Моло" участкасынан мурдагы 257 гектардын ордуна 223,66 гектар жер тилкеси, Бекболот Төр участкасынан мурдагы 99 гектардын ордуна 66,8 гектар жер тилкеси 10 жылдык мөөнөт менен убактылуу пайдаланууга берилсин.
2. "Кыргыз Ойл" ЖЧКсы менен Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн ортосунда эки тараптуу келишим түзүлсүн. Келишимде сессияда сунуш кылынган талаптар каралсын.
3. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилип, ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Бараканов го жана кезектелдөө жергиликтүү кенештин агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**